Ош мамлекеттик университети
Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институту
Энергетика кафедрасы
“2026-2027-окуу жылына тандоо курстарды түзүү жана негизги билим берүү программасына өзгөртүүлөрдү киргизүү” темасындагы стейкхольдерлер менен бирге уюштурулган тегерек столдун
№ 6 протоколунан көчүрмө

04.02.2026

Катышуучулар: кафедра башчысы, доцент Айдарбеков З.Ш., профессор Кенжаев И.Г., доцент Матисаков Т. К., ага окутуучу Досонов Б.Р., ага окутуучу Жороев А.М., окутуучу Сатибекова А.Б., окутуучу Жумакулов Ж.А., лаборант Хасанова Г.А., лаборант Юнусжанов А. Тегерек столго чакырылган сырткы стейкхолдерлер (өндүрүш адистери): Топчубаев Арип Аманбаевич - Ош электр тармактары ишканасынын башкы инженеринин орун басары, Самидинов Алмазбек Кеңешбекович - ОшРЭТинин башчысы, Токторбаев Бектемир Абдыгапарович - Ош электр тармактары ишканасынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмүнүн жетектөөчү инженери, Өжөрбаев Жамшит Айылчиевич - “Пуск” ЖЧКсынын директору, Олжобаев Эгемберди Карыбекович - "Бекстрой" ЖЧКсынын башкы инженери.

**Күн тартибинде:**

3. Ар түрдүү маселелер.

а) 2026-2027-окуу жылына карата тандоо курстарын түзүү жана 640200 - Электроэнергетика (бакалавриат) багытынын НББПсына өзгөртүүлөрдү киргизүү маселелери.

**Угулду:**

Кафедра башчы, доцент Айдарбеков З.Ш.: 2026-2027-окуу жылына адистиктер 640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавриат, магистратура) боюнча тандоо курстарын окутуучулар сунушташты, алардын каталогун даярдап чыктык, ушул тандоо курстары менен таанышсаңыздар жана сунуштарыныздар болсо берсеңиздер. Ал өз сөзүндө ар бир окутуучу тандоого дисциплиналарын сунуштай аларын белгилеп, окутуучуларга дагы сунуштай турган дисциплиналары болсо берүүсүн эскертти. Ал эми өндүрүштөн келген жетекчилер азыркы учурдагы талаптарга ылайык кандай дисциплиналарды сунуштай аласыздар. Адистикке керектүү замандын талабына жооп берген дисциплиналарды сунуштасаңыздар болот.

Окутуучу Сатибекова А.Б.: Кошумча дисциплиналарыбызды даярдап келдик. Мен бакалавриат программасына “Кыргызстандын энергетика тармагы жана анын өзгөчөлүктөрү”, “Электр энергетика системин оптималдаштыруу” дисциплиналарын сунуштаймын.

Топчубаев Арип Аманбаевич – азыркы учурда адистикке төмөнкү сабактарды кошууну сунуштайт элем “Бизнести өнүктүрүү”, “Диспетчердик башкаруунун жана энергосистеманы оптималдаштыруу режимдеринин автоматташтырылган системасы”, “Электр менен камсыздоо системаларында электр энергиясын эсептөө үчүн атайын программалык камсыздоо”. Ушул дисциплиналар менен таанышып

көрүнүздөр, учурдагы адистикке керектүү дисциплиналар деп ойлойм жана тандоо курстардын каталогуна киргизүүнү сунуштайт элем.

Олжобаев Эгемберди Карыбекович: “Циркулярдык экономика”, “Электр энергетикалык системдердин ишенимдүү иштешинин заманбап ыкмалары” ушул предметтер менен да таанышсаңыздар, тандоо курстарына кошсок болчудай.

Ага окутуучу Жороев А.М.: 2026-2027-окуу жылына карата түзүлгөн тандоо курстары аябай жакшы түзүлүптүр, бекитүүгө сунуштайбыз.

Кафедра башчы, доцент: Айдарбеков З.Ш.: “Жыйындын катышуучулары дагы бир маселе бар. 640200 - Электроэнергетика жана электротехника багытынын НББПсын 2026-2027-окуу жылына да бекитишибиз керек, ошондуктан 2025-2026-окуу жылындагы НББПга кандай өзгөртүүлөрдү сунуштай аласыздар.

Профессор, т.и.д., Кенжаев Идирисбек Гуламович: “2025-жылдын НББПсы жакшы иштелип чыгыптыр, бардык талаптарга жооп берет. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, 2025-жылдын январь айынан тартып Erasmus+ прогаммасынын Silkwey долбоору менен иштеп келе жатабыз. Бул долбоордун программасы боюнча биз студенттерге 5 элективдик курстарды сунуштайбыз: “Электр энергиясын өндүрүү”, “Жылуулук энергиясы”, “Энергиянын эффективдүүлүгү”, “Циркулярдык экономика” жана “Бизнести өнүктүрүү”. Бул дисциплиналар азыркы учурдун талабы. Дүйнө жүзүндө акыркы мезгилде электр жана жылуулук энергияларын энергиянын кайра жаралуучу булактарын колдонуу менен өндүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Энергияны үнөмдөө, аны эффективдүү иштетүү, жашыл экономика экологияны сактоого өбөлгө түзөт. Ошону менен эле бирге студенттерибиз электроэнергетика тармагында өзүнүн бизнесин ачып, өнүктүрүүсү зарыл деп эсептейм.

Ага окутуучу Досонов Б.Р.: 640200 - Электроэнергетика жана электротехника боюнча 2026-2027-окуу жылына карата түзүлгөн НББП менен таанышып чыктык. Профессор И.Г. Кенжаевдин сунушун колдоймун.

Кафедранын окутуучулары жана өндүрүштөн келген стейкхольдерлер бакалавр жана магистратура багыттарына карата түзүлгөн тандоо курстарын бекитүүгө жана 2026-2027-окуу жылына карата түзүлгөн НББПга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунушташты.

**Чечим:**

1. 2026-2027-окуу жылынын жумушчу окуу планына 640200 - Электроэнергетика жана электротехника багыты боюнча бакалавриат жана магистратура программаларына сунушталган тандоо курстары бекитилүүгө сунушталсын.

2. 2026-2027-окуу жылына карата түзүлгөн НББПга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталсын.

Төрага, доцент: Айдарбеков З.Ш.

Катчы: Хасанова Г.А.

**Ош мамлекеттик университети**
**Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институту**
**Энергетика кафедрасы**

**“Энергетика багытындагы адистерди даярдоодо негизги билим берүү программаларын (НББП) талкулоо жана бүтүрүүчүлөрдү жумушка жайгаштыруу” темасындагы Энергетика кафедрасында стейкхольдерлер менен бирге уюштурулган тегерек столдун № 4 протоколунан көчүрмө**

18.09.2025

Катышуучулар: кафедра башчысы, доцент Айдарбеков З.Ш., профессор Кенжаев И.Г., доцент Матисаков Т. К., ага окутуучу Досонов Б.Р., ага окутуучу Жороев А.М., окутуучу Сатибекова А.Б., окутуучу Жумакулов Ж.А., лаборант Хасанова Г.А., лаборант Юнусжанов А.

Тегерек столго чакырылган сырткы стейкхолдерлер (өндүрүш адистери): Топчубаев Арип Аманбаевич - Ош электр тармактары ишканасынын башкы инженеринин орун басары, Самидинов Алмазбек Кеңешбекович – ОшРЭТинин башчысы, Токторбаев Бектемир Абдыгапарович – Ош электр тармактары ишканасынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмүнүн жетектөөчү инженери, Өжөрбаев Жамшит Айылчиевич - “Пуск” ЖЧКсынын директору, Олжобаев Эгемберди Карыбекович - "Бекстрой" ЖЧКсынын башкы инженери.

**Күн тартибинде:**

3. Ар түрдүү маселелер.

а) 2025-2026-окуу жылына түзүлгөн негизги билим берүү программаларын (НББП) талкулоо жана бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу маселелери.

**Угулду:**

Кафедра башчысы, доцент Айдарбеков З.Ш.: 640200 - Электроэнергетика жана электротехника (бакалавриат, магистратура) багыты боюнча негизги билим берүү программалары (НББП) менен стейкхольдерлерди жана профессордук окутуучулук курамды тааныштырып өттү. Негизги билим берүү программаларындагы окутуунун натыйжаларына жана компетенцияларга, программанын негизги мазмунуна жана максаттарына кеңири токтолду. Андан соң азыркы учурдагы бүтүрүүчүлөрдүн жумуш менен камсыз болушу жана студенттердин практикага баруусуна токтолуп өттү (сырткы стейкхольдерлерге негизги билим берүү программалары (НББП) электрондук жана кагаз түрүндөгү варианты алдын ала таанышуу үчүн бир жума алдын берилген).

Топчубаев А.А.: - ОшМУ менен ОшЭТИ көп жылдардан бери Энергетика тармагындагы адистерди даярдоодо ийгиликтүү кызматташып келе жатабыз. НББПлар Билим берүү стандарттарынын (ББС) негизинде жогорку деңгээлде түзүлгөн. Азыркы учурдун талабын эске алып, кийинки окуу жылына студенттер тарабынан тандалуучу элективдик курстардын тизмесине “Жылуулук энергиясы”, “Циркулярдык экономика” жана “Бизнести өнүктүрүү” дисциплиналарын киргизсеңиздер заманбап адистерди даярдоого чоң салым кошулат деп эсептейм.

Өжөрбаев Ж.А.: 640200 - Электроэнергетика жана электротехника (бакалавриат, магистратура) багыты боюнча негизги билим берүү программасында күтүлүүчү натыйжалар кыска жана так көрсөтүлгөн. Бул адистикке тапшырган студент татыктуу билим алып эң жакшы адис болуп чыгат деп ойлойм.

Олжобаев Э.К.: Электроэнергетика жана электротехника адистиги боюнча Негизги билим берүү программасында компетенциялар так көрсөтүлгөн жана программа азыркы учурдагы бардык талаптарга жооп берет деп ойлойм.

Самидинов А.К., Токторбаев Б.А., проф. Кенжаев И.Г., ага окутуучулар Досонов Б.Р. жана Жороев А.М. 640200 - Электроэнергетика жана электротехника багытынын бакалавриат жана магистратура программалары боюнча түзүлгөн НББПларды талкулоодо өздөрүнүн пикирлерин айтышып, окутуунун сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарын беришти.

Ошондой эле бакалавриат жана магистратура программаларын ийгиликтүү бүтүргөн студенттердин жумуш менен камсыздалышы боюнча маселени да терең талкуулашты. Сырткы стейкхолдерлер (өндүрүш адистери) азыркы учурда энергетика тармагы боюнча адистердин жетишпей жаткандыгын белгилешти жана бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштырууда эч кандай маселе жаралбастыгына кепилдик бар экендигин тастыкташты. Ошондуктан студенттердин практика учурунда өндүрүштүк ишканалар тарабынан практикалык көндүмдөргө ээ болушуна жакындан жардам көрсөтүүлөрүн белгилешти.

Андан соң кафедрада практика боюнча жооптуу Ж.А. Жумакулов сөз сүйлөп, ушул окуу жылында окуу процессинин графиги боюнча студенттер жана магистранттар практикага чыгышаарын, практика өтүү боюнча методикалык көрсөтмөлөр даярдалып жаткандыгын жана көптөгөн өндүрүштүк ишканалар менен келишимдер бар экенин белгилеп өттү.

Өндүрүштөн келген коноктор жана кафедранын профессордук окутуучулук курамы 640200 - Электроэнергетика жана электротехника

(бакалавриат, магистратура) багыты боюнча Негизги билим берүү программаларын (НББП) жактырышып, бекитүүгө сунушташты.

Чечим:

1. 2025-2026-окуу жылына 640200 - Электроэнергетика жана электротехника багытынын бакалавриат жана магистратура программалары боюнча түзүлгөн НББПлар бекитилүүгө сунушталсын.

2. 640200 - Электроэнергетика жана электротехника багытынын бакалавриат жана магистратура программаларынын бүтүрүүчүлөрүн жумушка жайгаштырууда өндүрүштүк ишканалар менен байланышты чыңдоо жана өркүндөтүү сунушталсын.

Төрага, доцент: Айдарбеков З.Ш.

Катчы: Хасанова Г.А.